**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ОРТО-КАЙЫҢДЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ОРТО- КАЙЫНДЫ**

---

**XI- сессия** **I – чакырылыш**

# ТОКТОМ

2026 – жылдын 06- апрели № 50 Вознесеновка а.

**Айыл өкмөтүнө караштуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ата-энелердин тамак-аш төлөмдөрүн бекитүү**

Орто-Кайынды айыл өкмөтүнүн СЭӨБнүн башчысы Э.М.Машланованын Орто-Кайынды айыл өкмөтүнө караштуу айыл аймагындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ата-энелердин жыйындарынын чечимдеринин негизинде тамак-аш төлөмдөрүн жогорулатуу боюнча маалыматын угуп жана баардык азык түлүккө баа көтөрүлгөндүгүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө “ Мыйзамынын 34 - беренесине ылайык Орто-Кайынды айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Орто-Кайынды айыл аймагынын Вознесеновка айылындагы “Ширин-Бөбөк ”, Кубат Жуматаев ЖББМнин балдар бакчасында , Кум-Арык айылындагы “ Таалимтай ”, Букара айылындагы “ Күн-Балдары” мектепке чейинки билим берүү уюмдарында 2026-жылдын 1-апрелинен баштап ата-энелердин тамак-аш күнүмдүк төлөмү 100 ( жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Айыл аймагынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерине уюштурулган тамак-аштын сапатын көзөмөлдөө жана ата-энелердин төлөмдөрүн максаттуу пайдаланылышын камсыз кылуу жүктөлөт.

3. Ушул токтом каттоого алынсын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министирлигине жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.М.Мырзагелдиев